Ош МПУнун Кесиптик бирлик
комитетинин 2025-жылдын 21-январындагы
Президиумунун отурумунда бекитилди

«Бекитемин»
Ош МПУнун Кесиптик
бирлик комитетинин
төрагасы Жылкычы уулу К.
“__” _____ 2025-ж.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Кесиптик бирлик комитетинин (КБК)

ЖОБОСУ

I. Жалпы жобо

1.1. Ош МПУнун Кесиптик бирлик комитети - окутуучуларды, студенттерди, пенсионерлерди, мекемеде убактылуу иштебеген окутуучуларды ошондой эле факультеттердеги жана бөлүмдөрдөгү жумушчуларды бир аймака бириктирген коомдук уюм.

1.2. Комитет өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Кесиптик бирикмелер жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдуулугуна, жалпы таанылган принциптерге жана эл аралык укуктук ченемдерге жана демократиянын принциптерине таянуу менен жүзөгө ашырат.

1.3. Ош МПУнун Кесиптик бирлик комитети билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетине отчёт берет.

Жайгашкан дареги: Ош шаары, Курманжан Датка кичи району, Исанов көчөсү 73 а. Ош МПУнун административдик имаратынын 2-кабаты

II. Ош МПУнун КБК принциптери:

2.1. Мамлекеттик, саясий жана башка коомдук уюмдардан көз карандысыздыгы;

2.2. Кесиптик бирликти анын баштапкы уюмдарын түзүүдөгү, ага жаңы мүчөлөрдү кабыл алуудагы жана алардын андан эркин чыгуудагы ыктыярдуулугу;

2.3. Кесиптик бирликтин бардык жетектөөчү уюмдарынын төмөндөн жогору карай шайлануучулугу;

2.4. Кесиптик бирликтин бардык органдарынын иштериндеги коллегиалдуулук жана алардын чечимдери Ош МПУнун Кесиптик бирлик комитетинде жана университетте эркин талкууланууга жана аткарылууга.

III. Ош МПУнун КБК максаты жана милдети:

3.1. Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн жашоо деңгээлдеринин жакшырышына багытталган жеке жана жамааттагы социалдык, эмгектик, кесиптик укутарын жана кызыкчылыктарын сактоо жана коргоо;
3.2. Мамлекеттик жана аймактык уюмдардын мыйзам долбоорлорун даярдоого жана аларды талкуулоого катышуу;
3.3. Университеттин аймагында пайда болгон жалпы көйгөйлөрдү чечүү үчүн башка коомдук уюмдар менен келишим түзүүгө, алардын аткарылышын көзөмөлдөөгө жана бул иштерде факультеттердин, бөлүмдөрдүн профбюросуна эмгек кодексинин, эмгекти коргоо мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын кесиптик бирликтин боюнча мызамдарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүү жана жардам берүү.

IV. Ош МПУнун КБКнин жетектөөчү органдарынын түзүлүшү:

4.1. ОшМПУнун БКБ факультеттердин жана бөлүмдөрдүн кесиптик бирликтерин бириктирет.
4.2. ОшМПУнун БКБнин жетектөөчү органы болуп билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик кошунунун облустук бирдиги саналат.
4.3. ОшМПУнун БКБнин жогорку органы болуп беш жылда бир чакырылуучу конференция болуп саналат. Конференциялардын ортосунда бул ыйгарым укук президиумдун отурумуна берилет.
4.4. Конференцияны чакыруу жана делегаттарды тандоо чечимин ОшМПУнун кесиптик бирлигинин президиумуна жүктөлөт.
4.5. Президиумдун конференциясы профкомдордун жана ревизиялык комиссиянын отчётторун угат, профкомдун мүчөлөрүн түзөт, кесиптик бирликтин облустук комитетине делегаттарды жана алардын төрагасын шайлай алат.
4.6. Президиумдун конференциясы бөлүмдөрдүн жана факультеттердин профсоюз мүчөлөлорүн түз делегаттоо аркылуу ОшМПУнун БККнун мүчөсү катары кабыл алат. Конференциядагы чечимдер катышуучу делегаттардын 3/2 бөлүгү добуш бергенде кабыл алынган болуп саналат. БККнун

президиумунун ишмердүүлүгүнө тиешелүү чечимдер ар бар факультеттин жана бөлүмдөрдүн кесиптик бирлигине жеткирилет.

V.Ош МПУ КБК ревизиялык комиссиясы.

5.1. ОшМПУнун БКБнин ревизиялык комиссиясы кесиптик бирлик менен бирге бирдей мөөнөткө шайланат.
5.2. Ревизиялык комиссия өзүнүн ишин 1995- жылы 15- К.Р. кесиптик бирлигинин II съездинде бекитилген ревизиляк комиссиянын жобосуна ылайык иш алып барат.

VI. Ош МПУ КБК каражаттары жана мүлкү.

6.1. ОшМПУнун БКБнин акча каражаттары мүчөлүк акылардын ай сайын которулууларынан топтолот.

6.2. Ай сайын которула турган мүчөлүк акынын көлөмү ар бир факультеттин жана бөлүмдөрдүн мүчөлөрүнө жеткирилет.
6.3. Кесиптик бирликтин мүчөлүк акынын өз убагында жана толук которулуп туруусун комитет көзөмөлдөйт.
6.4. ОшМПУнун БКБнин комитети президиумдун чечими менен жардамга муктаж профсоюз мүчөлөрүнө жардам көргөзүү фондун түзө алат. Фонддун иштетилген каражаты жөнүндө отчёт президиумдун отурумунда каралат.
6.5. ОшМПУнун БКБнин чыгымдары бекитилген профбюджет менен дал келет.

VII. Юридикалык тараптар катары Ош МПУнун КБКнын укуктары.

7.1. ОшМПУнун БКБги мекеме болуп юридикалык тараптар катары билим илим кызматкерлеринин профсоюзунун облустук бирлигинин структуралык бөлүгү болуп саналат. Печаты жана банктык эсеби бар.
7.2. Мекемени жоюу жана кайрадан түзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

Төрага: Жылкычы уулу К.